*УДК: 81:81 37*

***А.Дунканаев,** ф.и.д., проф.*
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# МАКАЛДАРДЫН СЕМАНТИКАЛЫК СТРУКТУРАСЫН МОДЕЛДЕШТИРҮҮ

*Макалада макалдын семантикалык структурасы моделдештирүү аркылуу кыска, так көрсөтүлөт. Моделдик схемада берүү семантикалык структураны аныктоодо негизги ролду ойнойт.*

***Ачкыч сөздөр:** Макал, структура, семантика, кыйытма ой, маанилик катмар, моделдик схема, моделдештирүү.*

*В данной статье четко и ясно показано моделирования семантическая структура пословицы. Модельная система играет основную роль в определении семантической структуры.*

***Ключевые слова:** Пословицы, структура, семантика, говорить намеками, значительный слой, модельная схема, моделирование.*

*This article clearly shows themodeling of the semantic structure of proverbs. The model system plays a major role in defining the semantic structure.*

***Key words:** proverb, structure, semantics, indirect thinkingt, meaningful layer, modeling scheme, modeling.*

Семантикалык компоненттер кадыресе сүйлөмдөрдө алардын түзүлүшүнө жана сүйлөмдүк мазмундун берилишине жараша белгилүү бир маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон милдетти аткарып турушса, макал структурасындагы семантикалык компоненттер подтекстик кыйытма ойду туюндуруу максатын көздөп колдонулат. Ушул аспекти-ден алып караганда макалдын структурасын түзүүчү компоненттердин функциясы алда-канча оор да, алда-канча татаал да болот. Макал текстинин табияты: а) айрым семантикалык компоненттер бир катар маанилерди алып жүрүү мүнөзүнө ээ болушу, т.а., маанилик катмар-ланууларга дуушарлануусу менен; б) тике жана кыйыр маанилердин жуурулушу менен; в) семантикалык компоненттердин мамиле таасирлеринин натыйжасында макалдын жалпы мазмуну подтексттик кыйытма ойду жаратышы менен; д) эксплициттик жана имплициттик мүнөздө берилиши менен шартталган. Калыпташып калган кыска көлөмдүк түзүлүшү сүйлөмдүк чектен ашпай, ошол турпатына опол тоодой ойду сиңирип, коомдук турмушта белгилүү бир функцияны аткарып турушу баалуу да, өзгөчөлүү да. Анда камтылган ой көп кырдуу жана ар тараптуу болгондуктан, аны бир сөз менен түшүндүрүү да мүмкүн эмес. Кабыл алууга жараша адам аң-сезиминде реализацияланат. Азыркы илимдин максатына жана талабына ылайык, макалдагы мындай ойду моделдик схемада берүү жеңилдикти, түшүнүктүүлүктү жана үнөмдүүлүктү шарттайт. Кандай гана сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар болбосун, аларды моделдик схема менен берүүгө болот. Моделдик схеманын колдонулушу макалдын семантикалык структурасын кыска, так, элестүү көрсөтүүдө жана аныктоодо негизги ролду ойнойт. Макалдын модели бул макалдын формуласы. Ушундан улам, макалды моделдештирүүнүн натыйжасы катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1) мазмун менен форманын биримдигин, мазмундан форманы, формадан мазмунду көрө билүүнү;

2) макалдык сүйлөм түзүлүштөрүн классификациялоодо жеңилдиктерди камсыздоону;

3) семантикалык компоненттердин мамиле-таасирлери, байланыш- катыштары аркылуу туюндурулган макалдык жалпы мазмунду аң-доону;

4) семантикалык компоненттердин маанилик жиктерин ажырымдоону;

5) семантикалык компоненттердин катыш мамилелеринин символикалык белгилер менен элестүү чагылдырылышы;

6) семантикалык компоненттердин зарылдыгын, туруктуулугун, валенттүүлүгүн жана айрым шарттарда сөзсүз түрдө катышып турушунун милдеттүү эместигин;

7) макалдагы сүйлөм түзүлүштөрүн, типтерин аныктоону. Булардын биримдиги макалдын семантикалык структурасын аныктайт.

Макалдын бүтүндөй моделдик схемасын түзүп чыгуу учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат. Мында макалды моделдештирүү маанисин, структуралык схемаларын иштеп чыгуу алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, типтерин, алардын синтаксистик конструкцияларын, татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдардын түрлөрүн, типтерин, синтаксистик конструкцияларын, татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдарды өзүнчө бөлүү, алардын мүнөздүү синтаксистик өзгөчөлүктөрүн кошо камтып берүү, аларга кеңири жана ар тараптуу анализ берүү зарылчылыгы туулат. Ушулардын негизинде макалдын семантикалык структурасынын бүтүндөй схемасын иштеп чыгуу, чынында, өзүнчө бир илимий эмгекти талап кылары бел-

гилүү. Биз илимий ишибиздин максатына ылайыктап, макалдын моделдик жалпы схемасын гана сунуш кылабыз. Анын тереңине сүңгүп кирип, кеңири талдоого алып, анализдеп чыгуу кийинки пландагы иштерден болуп саналат.

Көпчүлүк эмгектерде алгылыктуу деп табылып, практикаланып жүргөн сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы моделдик схемаларды негизге алуу менен, макалдын семантикалык структурасын төмөндөгүдөй символикалык белгилер жана кыскартуулар менен беребиз.

1. Макалдын семантикалык структурасындагы компоненттерди кыскартуу аркылуу башкы тамгаларын алабыз. Бул макал структурасындагы семантикалык компонентти билгизүүчү башкы белги болуп эсептелип, схемалуулукка, үнөмдүүлүккө жана маанилик көрсөткүчкө негиз боло алат: Предикат – П, этиштик предикат – Эт.П, атоочтук предикат – Ат. П; субъект – С; обьект – О; конкретизатор – К; атрибут – А.

Мис.: 1. Өнөр алды – кызыл тил. 1. С – Ат.П.

2. Жердин уусун билген киши, 2. А – С,

караңгыда карсактын изинен жаңылбайт.

К-А-О-Эт.П.

Эскертүү: Эгерде кайсы бир семантикалык компонент татаал сөз фор-масында, же ажырагыс сөз тизмегинде келсе, анда алар лексика семантикалык бир бүтүндүктү түзгөндүгүнө, бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгына байланыштуу бир гана белги аркылуу белгиленет (өнөр алды–С, кызыл тил –Ат П., Жердин уусун билген–А ж.б.).

2. Макалдын семантикалык структурасындагы компоненттерди жөнгө салып, ыраат биримдикке келтирип турган жөндөмөлөр болуп саналгандыктан, аларды сандык көрсөткүчтөр менен белгилейбиз. Сандык көрсөткүч белгилери алардын иретине байланыштуу берилет: атооч жөндөмө формасы–1, илик жөндөмө формасы–2, барыш жөндөмө формасы –3, табыш жөндөмө формасы –4, жатыш жөндөмө формасы –5, чыгыш жөндөмө формасы –6. Эгерде макал структурасындагы семантикалык субъектиден сырткаркы объект, конкретизатор, атрибут заттык мааниде колдонулуп, атооч жөндөмөлөрдө турса, анда алар 1 саны менен белгиленет, ал эми заттык маанини туюндурбай, нагыз сын-сыпаттык, сан-өлчөмдүк, тактоочтук маанилерде турса, анда 1 сандык көрсөткүчү колдонулбайт.

| | |
|---|---|
| М: 1. Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе.<br>2. Көмүскө достон, көрүнөө душман артык<br>3. Ажалдуу төө жарда оттойт<br>4. Баатырдын өмүрү кыска, даңкы - узун. | $С_3$ – $О_4$ – Эт.П.,<br>$О_4$ – Эт.П.<br>А – $О_6$,<br>А – $С_1$ – Ат.П.<br>3. А – $С_1$ – $К_5$ – Эт.П.<br>4. $А_2$ – $С_1$ – Ат.П,<br>$С_1$ – Ат.П. |

Макал тутумундагы атоочтук предикат да (Ат.П.) айрым шарттарда кайсы бир кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде туруп (Эт - этке, сорпосу-бетке; Бакыр киши–паанада, сокур киши - шоолада) колдонулат, ушундай учурларда гана алардын тиешелүү сандык көрсөткүчтөрү коюлат. Анткени этиштик предикат (Эт.П) менен тең катар берилсин үчүн, атооч жөндөмө формасында турган учурларын 1 сандык көрсөт-күчү менен белгилөөнү ылайык көрбөдүк.

3. Багыныңкы татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдардын 1-жөнөкөй сүйлөмүнүн этиштик предикатынын кийинки сүйлөм менен байланыштыруучу мүчөлөрүнүн негизги варианттарын кошо көрсөтөбүз, себеби алардын өзүнөн кийин келүүчү сүйлөмдөргө карата кандай маанилик катышта тургандыгы эске алынууга тийиш. Булардын катарына – са, - ганча, - й, - ып мүчөлөрү кирет. Багыныңкы татаал сүйлөмүнүн мындай формадагы этиштик предикаттары макал материалдарында көп деле учурабайт.

| | |
|---|---|
| М: 1. Кечинде күн кызарса, келиниң эркек төрөгөндөй сүйүн.<br>2. Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил<br>3. Атын билбей, затын бил. | 1. К – С1 – Эт.П-са,<br>С1 – К – Эт. П.<br>2. А – А2 – О4 –Эт.П-генче,<br>А – А2 – О4 – Эт.П<br>3. О4 – Эт.П-й, О4 – Эт.П. |

Макал материалдарында Акылдуунун сөзү – кыска, айта салса – нуска сыяктуу –са мүчөлүү кыймылды шарттоочу семантикалык компоненттер катышкан мисалдар да көп кездешет. Мындай учурда -са мүчөсү жалганган компонент, же ажырагыс сөз тизмеги өз алдынча сүйлөм боло албагандыктан, б.а., 1–жөнөкөй сүйлөмдүн этиштик предикаты катары келип, 2- жөнөкөй сүйлөм менен байланыш түзүүчү милдетти аткарбагандыктан, ал кайсы семантикалык компонентте турса, аны белгилөөчү белги менен көрсөтүлөт:

1. Акылдуунун сөзү – кыска, 1. $А_2$ – $С_1$ – Ат. П.,

айта салса – нуска С – Ат.П.

Мында айта салса компонентиндеги кыймыл субьектини логикалык жактан туюндуруп турат. Анткени кеп айта салуу жөнүндө болуп жатат, кыймыл-аракетти билдирүү максаты көздөлгөн жок, кыймылдын ишке ашышына, аткарылышына, же аткарыла тургандыгына басым жасалбады. Айта салуунун белгиси болуп нуска компоненти кызмат аткарды.

4. Макалдын семантикалык компоненттери түз (тике) жана кыйытма маанилерди алып жүрүшүнө байланыштуу, аларды кыскартылган формаларда беребиз: түз маани – т.м., кыйытма маани – к.м. жана алардын өтмө катар жуурулушуп келишин (+) кошуу белгиси аркылуу көрсөтөбүз.

| | |
|---|---|
| М: 1. Аксак атка чаң – үйүр, арык атка бала – үйүр.<br>2. Көрүнгөн менен достошпо<br>3. Жайын билген темирди үзөт. | 1. А – $О_3$ – $С_1$ – Ат.П т.м+к.м.<br>А – $О_3$ – $С_1$ – Ат.П т.м+к.м.<br>2. О – Эт.П т.м.+к.м.<br>3.$С_1$ т.м.+к.м. –$О_4$ –Эт П т.м.+к.м. |

Кыргыз эл макалдарынын структурасындагы семантикалык компоненттер кыйытма мааниге ээ болбой, түз маанисинде колдонулган учурлары көп кездешет:

Шак мөмөлөгөн сайын ийилет 1. $С_1$ т.м. –К т.м. – Эт. П.т.м.

Өнбөс доону доолаба 2. Ат.м. –$О_4$ т.м. –Эт. П. т.м.

Мындай шарттарда ал компоненттердин катыштык биримдиги, б.а., макалдардын синтаксистик-се-

мантикалык жалпы мазмуну подтексттик кыйытма ойду билдирери түшүнүктүү.

Кадыресе сүйлөм менен макал сүйлөмдөрүнүн семантикалык-структуралык айырмачылыктарын алардын моделдик схемаларынан да ачык байкоого болот. Буга карата бирдей түзүлүштөгү эки мисалды тең катар коюп салыштыралы:

Асан – студент, Айша – мугалим.

Ата – мекен, эне – нур.

1- кадыресе сүйлөмдөгү – $С_1$ – Ат.$П_1$, $С_1$ – Ат.$П_1$. моделдик схемасында, 2- макал сүйлөмүн – $С_1$ – АТ.$П_1$т.м.+к.м., - $С_1$ – Ат. $П_1$ т.м.+к.м. моделдик схемасында беребиз. Көрүнүп тургандай, мисалдар түзүлүшү боюнча бири-биринен айырмасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм катары уюшулса да, алардын мазмундук туюндурулушуна жараша башкача моделдик схемаларда берүүгө туура келет. Демек, сүйлөмдү моделдештирүү аркылуу алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүгө болот.

Макалдын жөнөкөй жана татаал сүйлөм түзүлүштөрүнө карап, алардын моделдик схемасынын төмөндөгүдөй жалпы үлгүсүн сунуш кылабыз.

**1. Атоочтук предикаттан уюшулган жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар:**

| | |
|---|---|
| Азаматка эл – арка.<br>Ата–журтуң – алтын бешик.<br>Күч - бирдикте.<br>Адам эмгеги менен даңктуу.<br>Илең-салаң оорудан,<br>Шара-бара өлүм артык ж.б. | О3-С1 – Ат. П1 т.м.+к.м.<br>С1 – Ат. П1 т.м.+к.м.<br>С1 – Ат П5 т.м.<br>4. С1 – О менен – Ат. П1 тм.<br>5. А – О6,<br>А – С1 – Ат.П.т.м. |

**2. Этиштик предикаттан уюшулган жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар:**

| | |
|---|---|
| Алтынды чыккан жеринен каз.<br>Карды ачкан казанды сагаа-лайт.<br>Сунган моюнду суурган кылыч кеспейт.<br>Ууру менен конок айттырып келбейт.<br>Аш ичкен оозго жарашат ж.б. | О4 – К6 – Эт.П.т.м.<br>С1 – О4 – Эт. Пт.м<br>А – О4 – А – С1 – Эт.Пт.м.<br>С1 менен С1 – К – Эт. П. т.м.<br>С1 – А – О3 – Эт. П т.м.+к.м |

**3. Атоочтук предикаттан уюшулган тең байланыштагы татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар:**

| | |
|---|---|
| Жаз – жарыш, күз – күрөш.<br>Акак көркү – берметте,<br>азамат көркү – эмгекте.<br>Эр – элдин оң жагынан каалоосу,<br>жел жагынан паанасы.<br>Гүл – аарыныкы, бал – адамдыкы.<br>Бүткөн ишке сынчы көп,<br>Бышкан ашка жечү көп ж.б. | 1. С1 – Ат.П1 к.м., С1 – Ат.П1 к.м<br>2. С1 – Ат.П5 т.м.,<br>С1 - Ат.П5 т.м.<br>3. С1 – А2 – К6 – Ат.П т.м.+к.м.,<br>К6 – Ат.П т.м.+к.м.<br>4. С1 – Ат.П1 т.м., С1 – Ат.П1 т.м.<br>5. А – О3 – С1 – Ат.П1 т.м.+к.м.,<br>А – О3 – С1 – Ат.П1 т.м.+к.м. |

**4. Этиштик предикаттан уюшулган тең байланыштагы татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар:**

| | |
|---|---|
| 1. Адал эмгек абийир таптырат,<br>арам эмгек азабын тарттырат.<br>2. Алтынды эрите билбеген иритет,<br>терини ашата билбеген чиритет.<br>3. Ичи ооруган күлкү сүйбөйт,<br>ит күлүгүн түлкү сүйбөйт.<br>4. Ашың калса калсын,<br>ишиң калбасын.<br>5.Жолдун тегизин бил,<br>сөздүн негизин бил ж.б. | 1.А – С1 – О4 – Эт. П к.м.,<br>А – С1 – О4 – Эт. П т.м.<br>2. О4 – С1 –Эт. П. т.м.,<br>О4- С1 – Эт. П. т.м.<br>3.С1 – О4 – Эт. П т.м.,<br>О4 – С1 – Эт. П. т.м.+ к.м.<br>4.С1 – К – Эт. П.т.м.<br>С1 – Эт.П.т.м.+ к.м.<br>5.А2 – О4 – Эт. П.т.м.<br>А2 – О4 – Эт. П.т.м. |

### 5. Этиштик предикаттан уюшулган багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдар:

| | |
|---|---|
| 1.Ак ойлоп, адал иште. | 1.К – Эт П-ып т.м, К-Эт. П т.м |
| 2.Айыл башы болгончо,<br>суу башы бол. | 2.С1 – Эт. П ганча т.м.,<br>С1 – Эт. П.т.м. |
| 3.Кардың ток болсо,<br>кайратың күч болот. | 3.С1 – Эт. П-са, т.м.,<br>С1 – Эт. П т.м. |
| 4.Жаман эки аяк аш ичсе,<br>бир аягы башына жүк болот. | 4. С1 – А – А – О4 – Эт. П-са т.м.,<br>А- С1 – О3 – Эт. П к.м. |
| 5.Жоо кеткен соң,<br>кылычыңды ташка чап ж.б. | 5. С1 – Эт. П соң т.м.,<br>О4 – О3 – Эт. П т.м. |

Албетте, бул үлгүлөр аркылуу ар түрдүү синтаксистик конструкциядагы макалдардын бүтүндөй моделдик-схемалык түзүлүшүн көрсөтө алдык деп айта албайбыз. Анткени макалдагы жөнөкөй сүйлөм менен татаал сүйлөмдөрдүн башка-башка ички түзүлүштүк түрлөрүнө, уюшулуш механизмине шартталышкан маани-мазмундук өзгөчөлүктөрүнө токтолгон жокпуз. Бул багытта атайын иликтөө иштери талап кылынары жана алар зарылдык болуп саналары өйдөдө эскертилди.

***Адабияттар:***


1. *Абдуллаев С.Н. Модальные модификации простого предложения в уйгурском языке // Системность на разных уровнях языка. – Новосибирск: 1990.*
2. *Абдуллаев С.Н. Структурно-семантические модели простого предложения в современном уйгурском языке. – Каракол: Госпед-институт, 1992. –96 стр.*
3. *Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке. – Нальчик: Эльбурс, 1983. – 360 стр.*
4. *Кыргыз макал-лакаптары. / Түзгөн Ш.Усупбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 123 б.*